**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д. 13.23.662 диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**

УДК: 378. 371. 12(575. 2) (043)

**Асаналиева Чынара Ниязалиевна**

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ЖҮРҮШҮНДӨ БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты
илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Карабалаева Гульмира Таштановна**
педагогика илимдеринин доктору, доцент,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы

**Расмий оппоненттер:** **Алимбеков Акматали**
педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Шамбеталиев Канатбек Ыбыкеевич**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
“Ала-Тоо” Эл аралык университетинин педагогика кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиясы кафедрасы (722900, Нарын ш., Сагынбай Орозбак уулу көч., 25).

Диссертациялык иш 2024 жылдын 26 апрелинде саат 15.30да И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду**:** https://vc.vak.kg/b/132-iro-djs-est.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51), Кыргыз билим берүү академиясынын китепканасынан (720040, Бишкек ш., Эркиндик бульв., 25) жана КР Президентине караштуу УАКтын сайтынан таанышууга болот (https://vak.kg/).

Автореферат 2024 жылдын 26 мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**

**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А. О**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү тенденциялары ЖОЖдордон бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна тездик менен ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууну талап кылуу менен жогорку окуу жайларынын негизги милдеттеринин бири катары, болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга басым жасоодо. Анткени ал ар бир педагогикалык кызматкердин ажырагыс курамдык бөлүгү болуп, кесип ээсинин коомдук мамилелерде өзүнүн ишке ийкемдүү жөндөмдүүлүгү жана аткарып жаткан иште кездешүүчү маселелерди чече билүүсү өтө маанилүү болуп турат.

Кыргызстанда билим берүү системасын реформалоонун маанилүү этаптарынын бири, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы “2021-2040-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтому болуп саналат. Анда жогорку кесиптик билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүнүн катарында төмөнкүлөргө көңүл буруу каралган:

1. ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн билиминин, билгичтиктигинин жана көндүмдөрүнүн деңгээлинин жетишсиздиги.
2. Сапатты камсыз кылуу системасынын натыйжалуулугунун төмөндүгү.
3. Адам ресурстарынын сапатынын төмөндүгү.
4. Окутуучулардын жалпы санынын 60%ы илимий даражага ээ эмес экендиги ж.б.

Учурда ЖОЖдордо сапатты контролдоо бөлүмдөрү ачылып, студенттердин билимин баалоонун модулдук-рейтингдик тутумуна өтүштү.

2021-жылдагы Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашырууда жарандарды даярдаган билим берүү системасын түзүүнү камсыз кылууга багытталган:

1. Кесиптик көндүмдөргө ээ болуу.
2. Өз алдынча аракеттенүүгө, өз оюн ачык айтууга жөндөмдүү, чыгармачыл жана инновациялык ыкмаларды колдонуу.
3. Эмгек рыногунда жана жашоодо ийгиликке жетүүгө жардам бере турган атайын жана жалпы билимдерге, көндүмдөргө ээ болуу жана башка маселери каралган.

Жогоруда белгиленгендер КР ЖОЖдору тарабынан бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенттүүлүктөрүн, практикалык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу талабы турат. Демек, педагогикалык кесиптик компетенттүүлүктү камсыз кылуунун бирден-бир маанилүү тармагы болгон педагогикалык практиканын мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө проблемасы актуалдашат.

Компетенттүүлүк негизде болочок адистерди сапаттуу даярдоо билим берүүнү заманбап денгээлинде жүргүзүү талабы менен байланыштуу болуп, билим берүү системасында “жалпы кесиптик компетенциялар”, “кесиптик компетенциялар”, “түйүндүү компетенциялар” ж. б. түшүнүктөр пайда болуп,

педагог окумуштуулар тарабынан компетенттүүлүк түшүнүгү менен байланышкан көйгөйлөрдү иликтөө иштери активдүү жүргүзүлүп жатат.

Болочок адистин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелерин изилдешкен окумуштуулар В. П. Байденко, В. А. Болотов, Т. Г. Браже, Г. Х. Вахитова, А. А. Вербицкий, А. Н. Дахин, О. А. Донских, И. А. Зимняя, В. А. Климов, А. Н. Леонтьев, М. И. Лукьянова, О. М. Мутовкина, Е. Ю. Рубинштейн, О. В. Тихомирова, А. В. Тутолмин, Ю. В. Фролов ж.б. тарабынан изилденген. Окумуштуулар Б. С. Гершунский, В. А. Сластенин, В. И. Слободчиков, В. Д. Шадриков ж.б. жалпы жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу педагогикалык процесстин ийгиликтүү болушунун негизи катары карашкан. Р. В. Олейник окутуучулардын билим берүү ишин уюштурууга алардын чын ыкыластуу мамилесинен жана кесиптик компетенцияларынан түз көз каранды экендигин изилдеген.

Ал эми ата мекенибизде кесиптик билим берүү маселелерин анализдеген изилдөөлөр А. А. Исабеков (2007), А. А. Токтосунов (2009), Э. А. Касымбеков (2015), И. Б. Бекбоевдин (2011), эмгектеринде талданса, Казакстанда билим берүүнүн мазмунун, технологияларын өнүктүрүү жолдору Б. А. Абдыкаримов (1996), Ж. Т. Кобенкулова (2017) тарабынан изилденген.

Болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын жана компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча ата мекендик да, бир катар илимий изилдөөлөр бар. Алардын катарына Н. А. Асипова (2006), А. А. Алимбеков (2019), Д. Б. Бабаев (2020), К. Д. Добаев (2018), Н. К. Дюшеева (2009), А. М. Мамытов (2019), А. К. Наркозиев (2010), А. С. Раимкулова (2012), Н. К. Сартбекова (2017), А. К. Чалданбаева (2016) жана башкалардын изилдөөлөрүндө аталган көйгөйдүн айрым теориялык маселелери каралган.

Мисалы, Н. А. Асипованын педагогикалык кадрларды даярдоодогу компетенттүү мамилени, Н. К. Сартбекованын компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-педагогикалык негизи тууралуу, Н. К. Дюшееванын болочок мугалимдин кесиптик жана жеке компетенттүүлүк түзүлүшүнө, А. С. Раимкулованын мугалимдердин кесиптик компетенцияларын активдештирүү боюнча окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердиги боюнча, А. К. Чалданбаеванын мугалимдердин атайын компетенцияларын калыптандыруу жөнүндөгү изилдөөлөрүндө кеңири ачыкталган.

Англис тилинин маанисин эл аралык маданияттык контекстте изилдеген ата мекендик окумуштуулардын катарында М. С. Акчекеева (1980), Н. П. Ким (1973), Н. К. Сартбекова (2018), Т. Т. Турсуналиев (1973), П. К. Кадырбекова (2017), Э. У. Тынаева (2008), жана башкалар турушат.

Жогоруда белгиленгендер КРда компетенттүүлүктүн ар кандай аспектилерине арналган изилдөөлөрдүн бар экендиги жөнүндө кабар берет. Бирок, ошол эле учурда студенттердин теориялык билимин практикалык иш-аракеттерде колдонуу аркылуу алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери изилдөө предмети катары колго алынбай келет. Ар түрдүү педагогикалык-психологиялык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде студенттердин педагогикалык практикадан өтүү мезгилинде кесиптик

компетенттүүлүктүн калыптануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген илимий излдөөлөрдүн жетишсиздиги айкын болууда.

Педагогикалык ЖОЖдордо болочок мугалимдерди даярдоо жана алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу практикасын анализдөө бир катар **карама-каршылыктарды** аныктоого мүмкүндүк берди:

– компетенттүлүктүн өзү прагматикалык педагогиканын туундусу болгондугуна карабастан аны педагогикалык практика менен байланышын иликтөөгө арналган изилдөөлөрдүн дээрлик жоктугу;

– болочок мугалимдердин теориялык билимдеринин жетиштүү болгондугуна карабастан, алардын билим берүү мекемелеринде педагогикалык ишмердүүлүк даярдыгынын төмөн экендиги;

– мугалимдердин компетенттүүлүгүнө болгон талаптын жогору болгондугуна карабастан, педагогикалык практиканын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануунун педагогикалык шарттарынын иштелип чыкпагандыгы;

– ЖОЖдордо педагогикалык практика учурунда болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу зарылчылыгы менен бул процессти бирдиктүү теориялык жана практикалык негизде уюштуруунун төмөндүгү ж.б.

Жогоруда аныкталган карама-каршылыктар изилдөөгө алынып жаткан объекте кандай педагогикалык шарттарды сактаганда болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу ийгиликтүү болот? деген көйгөйдү жаратат. Аталган көйгөйдү чечүү диссертациялык изилдөөнүн "Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу" темасын тандоого негиз болду.

Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий-изилдөө программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелерде жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык илимий иштин темасы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык пландары менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү.

Алдыга коюлган максатка жетүү диссертацияда **төмөнкүдөй милдеттерди** чечүү менен ишке ашырылды:

1. Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негизделишин жана өзгөчөлүктөрүн системалаштыруу.

2. Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык моделин жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу.

3. Аныкталган теориялык моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

1. Кыргыз Республикасында кабыл алынган расмий документтерди, изилдөө көйгөйүнө байланыштуу илимий булактарды, ЖОЖдордун кесиптик билим берүү тажрыйбасын талдоонун негизинде болочок мугалимдердин теориялык билимин педагогикалык практика учурунда колдонуунун өзгөчөлүктөрү ачылып, болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери такталып, мүмкүнчүлүктөрү системалаштырылды.

2. Болочок англис тили мугалиминин педагогикалык практика учурундагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык модели жана педагогикалык шарттары, компетенциялардын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыкты.

3. ЖОЖдордо педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык модели жана педагогикалык шарттары педагогикалык эксперимент аркыл уу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттардын иштелип чыкандыгы; болочок англис тили мугалими үчүн сабак учурунда кошумча өнүктүрүү каражаты катары “Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу” аттуу окуу программасынын иштелип чыккандыгы; “Педагогикалык практика – жаңы муундун мугалимин даярдоонун маанилүү этабы” аттуу усулдук колдонмонун даярдалышы жана ишке киргизилгендиги; болочок англис тили мугалиминин педагогикалык кесипке кызыгуусун арттыруу максатында педагогикалык практиканын натыйжасы катары “Мен мугалим болом!” аттуу студенттер арасында Республикалык деңгээлде өткөрүлгөн сынагынын ишке ашышы.

Автор тарабынан педагогикалык практика учурунда кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган колдонмолор филология багытында билим берүүдө кеңири колдонууга арзыйт.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Түпкү маңызында кесиптик педагогикалык практиканын жүрүшүндө компетенттүүлүк педагогика илиминдеги билимге болгон прагматикалык көз карашка шайкеш келгендиктен, педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык жактан негизделишин, педагогикалык практика учурунда ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн, мүнкүнчүлүктөрүн аныктоо жана аларды системалаштыруу педагогика багытындагы адистерди даярдоонун сапатын камсыз кылуунун бирден-бир маанилүү илимий-практикалык жолу болуп эсептелет.

2. Болочок мугалимдин педагогикалык практиканын жүрүшүндө кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун натыйжалуулугун арттыруу максаттык, мазмундук, технологиялык жана диагностикалык компоненттерди

камтыган теориялык моделди жана педагогикалык шарттарды, педагогикалык-психологиялык цикл кафедралары тарабынан атайын жумушчу программаларды, кошумча каражаттарды иштеп чыгууну, алардын түзүмдүк жана мазмундук компоненттеринин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууну талап кылат.

Педагогикалык практиканын жүрүшүндө кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуулугун арттырууга илимий-усулдук өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: ЖОЖдун Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык педагогикалык-психологиялык цикл кафедралары тарабынан иштелип чыккан педагогикалык практиканын жумушчу программаларынын түзүмдүк жана мазмундук компоненттеринин үзгүлтүксүздүгү; болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун мазмунун кошумча материалдар менен байытуу; болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн эффективдүү каражаттарды жана методдорду тандоо; студенттердин педагогикалык практикасына комплекстүү жетекчилик кылуу (ЖОЖдун жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык практика боюнча жооптуу жетекчилери).

3. Болочок англис тили мугалиминин педагогикалык практиканын жүрүшүндө кесиптик компетенцияларын арттыруунун педагогикалык шарттары, билим берүүнүн мазмуну, калыптануу деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аны баалоонун критерийлери атайын педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталышы шарт, анткени кандайдыр бир жаңы нерсени тажрыйбага киргизүү аларды алдын ала апробациядан өткөрүү талап кылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларынын илимий теориялык негиздери аныкталып, аларды кесиптик жактан жетиштирүүнүн педагогикалык шарттары айкындалды; “Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу” аттуу кошумча өнүктүрүү программасы, “Педагогикалык практика – жаңы муундун мугалимин даярдоонун маанилүү этабы” аттуу окуу-усулдук колдонмо Билим берүү министрлигинин грифи менен иштелип чыккандыгы жана педагогикалык практиканын жыйынтыгында Республикалык деңгээлде студенттер арасында “Мен мугалим болом” сынагынын уюштурулушу; педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун, колдонуунун методикалык негиздери боюнча илимий-практикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандагы менен аныкталат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана жайылтуу.** Диссертациянын негизги жоболору жогорку окуу жайлар арасында, эл аралык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда: Ош мамлекеттик университетинде 2018-ж., Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде 2022-ж., Россия Федерациясында (Самара шаарындагы 2018-2019-жж., Архангельскиде 2021-ж.) өтүлгөн илимий конференциясында доклад жана билдирүүлөр жасалып, Ж. Баласагын атындагы

Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында талкууланган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу.** Илимий изилдөөгө тиешелүү 13 макала чагылдырылды, анын ичинде 4 макала чет өлкөлөрдө (4 макала РИНЦке кирген чет өлкөлүк басылмаларда) жарыяланып, “Педагогикалык практика – жаңы муундун мугалимин даярдоонун маанилүү этабы” аттуу окуу-методикалык колдонмо Билим берүү министрлигинин грифи менен 2022-жылдын 25-апрелинин №796/1 буйругунун негизинде басылып чыкты.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Илимий иш киришүүдөн, үч баптан, жалпы корутундудан, адабияттар тизмесинен жана тиркеме катарында берилген кошумча материалдардан турат. Ал изилдөөнүн жыйынтыктарын көрсөтүүчү сүрөттөрдү, диаграммаларды, таблицаларды камтыйт. Диссертациялык иштин толук көлөмү – 149, тиркемелердин саны – 10, пайдаланылган адабияттардын саны – 228.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын киришүү бөлүмүндө** изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделип, максаты жана милдеттери аныкталды, изилдөөнү уюштуруунун теориялык жана методикалык өбөлгөлөрү баяндалып, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси ачыкталды, изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана ишке ашыруу жолдору көрсөтүлүп, коргоого сунушталуучу жоболор орун алды.

**«Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздери» деп аталган биринчи бап** изилдөөнүн биринчи милдетин чечүүгө багытталып, педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздерине талдоо жүргүзүлүп жана бүгүнкү коомдун шартына ылайык социалдык-педагогикалык мазмуну такталды.

Мугалимдерди кесипке даярдоонун ата мекендик системасын өзгөртүүгө көмөк берген стратегияларды жана тактикаларды туура тандоо, чет мамлекеттерге таандык педагогикалык тажрыйба менен ата мекендик тарыхый салттарды терең изилдөө, аларды ар тараптуу талдоо (анализдөө) жана алардын мыкты жактарын тең салмактуу пайдалануу аркылуу компетенттүүлүк мамилени (компетентностный подход) ишке ашыруу маанилүү экендиги каралат.

Билим берүүдөгү компетенттүүлүк ыкма маселелерине О. В. Акулова, В. И. Байденко, В. А. Болотов, А. А. Вербицкий, Э. Ф. Зеер, И. А. Зимняя, Д. А. Иванов, А. М. Князев, Н. В. Кузьмина, А. К. Маркова, М. Н. Скаткин, А. И. Субетто, А. П. Тряпицына, С. Е. Шишов, А. В. Хуторский өңдүү илимпоздор өз изилдөөлөрүндө токтолгон.

Чет тилдерин окутуу процессинде жогорку окуу жайларынын студенттеринин ар кыл түрдөгү компетенттүүлүгүн калыптандыруу

көйгөйлөрүнө арналган диссертациялык иштер жетишээрлик көп санда. Алар: С. Н. Алиев, Е. В. Харитонова, М. В. Булыгина, Е. Е. Боровкова, Г. А. Коновалова, О. М. Шиян, О. Ю. Искандарова жана башкалар. Ал эми педагогдун кесиптик компентенттүүлүгү түшүнүгүн аныктоодо биз В. А. Сластениндин, Э. Ф. Зеердин, Т. Г. Браженин, Дж. Равендин, В. И. Байденконун, Ю. Г. Татурдун ж. б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылган аныктамаларга таяндык. Бизди эң оболу педагогика жана психологияда кабыл алынган «кесиптик компетенттүүлүктөр» түшүнүгүнүн аныктамалары кызыктырат. Алсак, көптөгөн изилдөөчүлөр бакалавр академиялык даражасынын кесиптик компетенттүүлүктөрүн аныктоодо психолог Джон Равендин концепциясын колдонушат себеби, ал кесиптик компетенттүүлүктүн калыптануу процессинде инсандын баалуулук-мотивдик жактарын бөлуп карайт. Ал кесиптик компетенттүүлүктүн калыптануу процесси «жашоо чөйрөсүнөн» түздөн-түз көз каранды экендигин айтат. «Жашоо чөйрөсүнө»: үй бүлө, бала бакча, мектеп, жогорку окуу жайы, жумушчу жамаат, микросоциум (достор, тааныштар ж. б. ) кирет. Ал эми Т. Г. Браженин оюу боюнча кесиптик компетенция өзүнө билим, шык, талант, тажрыйба, жөндөмдүүлүк, ишмердүүлүккө болгон ынтызаарлыкты, баалуулуктарга негизделген багыттарды, өзүнүн кесибине, ар кандай билимдердин айкалышкан чөйрөсүнө ылайык стиль, баарлашуу, сүйлөө ыкмасы сыяктуу интеграцияланган маданияттын көрсөткүчтөрүн камтыган система катары берилген.

Учурда Кыргыз Республикасында аткарылган компетенттүүлүкө байланыштуу эмгектер биздин изилдөө ишибиздин теориялык негизи боло алат. Айтсак, Т. А. Абдрахманов, Н. А. Асипова, М. К. Асаналиев, Д. Б. Бабаев, И. С. Болджурова, Н. К. Дюшеева, К. Д. Добаев, А. Т. Калдыбаева, Э. М. Мамбетакунов, А. М. Мамытов, А. К. Наркозиев, Р. Н. Токсонбаев, А. К. Чалданбаева ж. б эмгектерин талдоодо билим берүү процессине, болочок адистердин компетенттүүлүгүн калыптандырууда көп түрдүү жана кызыктуу тажырыйбалар бар экендигин көрсөттү. Мисалы, Н. К. Дюшееванын (2009) эмгектеринде «компетенция», «компетенттүүлүк», «компетенттүү мамиле» түшүнүктөрүнүн мазмуну мүнөздөлүп, болочок педагогдун коммуникативдик компетенцияларынын тизмесин түзгөн. А. К. Наркозиев (2010) ЖОЖдун шартында «компетенттүү мамиле», «компетенттүү-багытталган окутуу», «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнүн маңызын негиздеп берген.

Билим берүү тармагындагы Мамлекеттик стандарт тарабынан аныкталган кесиптик компетенциялар билим берүү системасына окутуунун жеке (индивидуалдык) стратегияларын киргизүү аркылуу бүгүнкү күндөгү адисти калыптандыруунун механизмдерин долбоорлоого, окутуунун инновациялык технологияларын тандоого, окуучулардын ички жана сырткы дареметтерин баалоо мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртууга шарт түзөт.

Универсалдык жана кесиптик компетенцияларды колдонуунун зарылдыктарын айтууда, кесиптик компетенциялар студенттерди кесиптик даярдоодо негизги жыйынтык болуп саналат. Ушундан улам, биз келечектеги

чет тилин окутуучу мугалимдин кесиптик компетенттүүлүк структурасынын негизин кесиптик компетенциялар түзөт деп корутунду чыгара алабыз.

Ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектерин талдай келгенде биздин темага жакын турган Р. А. Рыскулованын «Развитие профессиональной активности студентов в процессе педагогической практики» аттуу диссертациялык изилдөөнү (1992), Н. А. Асипова, Г. Т. Карабалаеванын «Опыт и перпективы организации и проведения практики магистрантов педагогических направлений» илимий макаласында (2021), А. Т. Калдыбаева, Ч. К. Рыспаеванын «Болочок мугалимдердин кесиптик мотивациясын педагогикалык практика процессинде калыптандыруу» (2021), С. Мадраимов, Б. Ж. Жамшутова, Б. А. Бекмурзаеванын «Болочок мугалимдердин кесипкөйлүк жактан калыптануусунда педагогикалык практиканын орду» (2021), М. Р. Нуркулова, Г. К. Нурманбетованын «Организация педагогической практики студентов-важное направление подготовки педагогических кадров» (2021), жана Е. Ю. Чубарь, Н. Н. Исламованын, «Вожможности и перспективы прохождения практики в онлайн-режиме студентов, обучающихся по программе Психология» (2021), аттуу илимий эмгектерин белгилеп кетсек болот.

«Билим берүү жөнүндө», «Жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жөнүндө» (2021), жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде окутуу жана педагогикалык практика жөнүндөгү документтерди талдоодо, бакалавриат деңгээлинде 550300 – Филологиялык билим берүү багыты боюнча педагогикалык-адаптациялык, кесиптик-базалык жана кесиптик-профилдик педагогикалык практикалардын уюштурулушу, мазмуну, формалары, максат, милдеттерин талдоонун негизинде, учурдагы педагогикалык практиканын түрлөрүн жана уюштуруучулук түзүмүн аныктоого мүмкүнчүлүк берди (1.1-таблица).

**1.1-таблица. – Педагогика факультетинде уюштурулуучу педагогикалык практиканын түзүмдүк схемасы**

| № | Практиканын аталышы | Курсу | Практика өтүлүүчү семестр | Кредит | Практикага бөлүнгөн жума | Өтүлүүчү мөөнөт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Педагогикалык-адаптациялык практика | 2 | 4 | 5 | 3 жума | Январь-февраль |
| 2. | Кесиптик-базалык педагогикалык практика | 3 | 6 | 7 | 5 жума | Январь-февраль |
| 3. | Кесиптик-профилдик-педагогикалык практика | 4 | 8-9 | 9<br>7 | 7 жума<br>5 жума | Сентябрь-октябрь<br>Март-апрель |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жалпы** | | | **28** | **20** | |

**«Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун изилдөө материалдары жана методдору» деп аталган экинчи бапта** изилдөөнүн экинчи милдетин чечүүгө багытталып, белгилүү болгондой илимий изилдөө кандайдыр бир методдорго жана методологияга негизделет.

**Изилдөөнүн объектиси:** педагогикалык жогорку окуу жайлардын студенттеринин педагогикалык практикасы.

**Изилдөөнүн предмети:** педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу.

Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин компетенцияларын калыптандыруунун методологиялык негизин **төмөндөгүдөй ыкмалар түздү:** компетенттүүлүк ыкма, ишмердүүлүк ыкма, системалуу ыкма, технологиялык ыкма, практикага-багытталган ыкма.

Андан тышкары студенттердин педагогикалык процессте педагогикалык практиканы уюштурууда болочок мугалимдин компетенцияларын калыптандыруу үчүн колдонуучу **принциптерге таяндык:** үзгүлтүксүз билим берүү принциби, интеграциялык принциби, мектеп окуучуларынын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу принциби, ырааттуулук принциби, индивидуалдаштыруу жана дифференциациялоо принциби педагогикалык практиканы өткөрүү этаптарынын жана баскычтарынын шайкештиктерин камсыздаарын белгиледик.

Моделдештирүү методуна таянуу, жогорку окуу жайында педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын камтыган **теориялык модель:** максаттык, мазмундук, технологиялык, диагностикалык натыйжалык компоненттерди камтыган моделди түзүүгө мүмкүнчүлүк берди.

**МАКСАТТЫК КОМПОНЕНТ**

**Максаты:** Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу

**Теориялык жана методологиялык негиздери**

**Ыкмалары:** ишмердүүлүк, системалуулук, компетенттүүлүк, технологиялык, практикалык-багыттагы

**Принциптери:** үзгүлтүксүз билим берүү, интеграциялык, мектеп окуучуларынын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу, индивидуалдаштыруу жана дифференциациялоо, ырааттуулук

**МАЗМУНДУК КОМПОНЕНТ**

**Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу**

*Теориялык билимдерди өздөштүрүү жана алардын маңызын аңдап түшүнүү (предметтер аралык интеграция):*
1. Негизги англис тилинин практикалык курсу.
2.Англис тилин окутуунун методикасы.
3.Педагогика, психология.

*Кошумча өнүктүрүүчү Программа* "Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу"

*Практиканын жыйынтыгы* – экзамендер, жыйынтыктоочу конференция, "Мен мугалим болом" сынагы

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАР**

1. ЖОЖдун Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык педагогикалык-психологиялык цикл кафедралары тарабынан иштелип чыккан педагогикалык практиканын жумушчу программаларынын түзүмдүк жана мазмундук компоненттеринин үзгүлтүксүздүгү.
2. Болочок англис тили мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун мазмунун кошумча материалдар менен байытуу
3. Болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн эффективдүү каражаттарды жана методдорду тандоо.
4. Студенттердин педагогикалык практикасына комплекстүү жетекчилик кылуу (ЖОЖдун жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык практика боюнча жооптуу жетекчилери).

**ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОМПОНЕНТ**

**Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу**

**Болочок англис тили мугалими өтүүчү педагогикалык практикалардын түрлөрү:**
*1-этап.* Адаптациялык-педагогикалык практика (2 курс)
*2-этап.* Кесиптик-базалык практика (3 курс)
*3-этап.* Кесиптик-профилдик практика (4 курс)

Билим берүү уюмундагы педагогикалык процессти ишке ашыруунун *ыкмалары,* окутуунун инновациялык *методдору* жана *формалары*

**ДИАГНОСТИКАЛЫК КОМПОНЕНТ**

**Критерийлери:**
1. Тандаган кесибине болгон сүйүү, кесибин чын ыкластан жактыруу жана ийкемдүү мамиле жасоо.
2. Мугалимдин ишмердигинде жүргүзгөн иштеринин милдеттерин так аткаруусу.
3. Кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү натыйжалуу пайдалануу багытындагы кесиптик билгичтиктердин комплекси.
4. Болочок мугалимдердин кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүүсүн стимулдаштыруу, долбоорлоо, көзөмөлдөө, жетектөө, түзөтүү, баалоо жөндөмү.

**Деңгээлдер:**
Төмөнкү – Ортоңку – Жогорку

**Натыйжа:** жогорку окуу жайында 550300 – Филологиялык билим берүү багыты боюнча болочок педагогдордун калыптанган компетенциялары

**2.1-сүрөт. Болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын педагогикалык практика учурунда калыптандыруучу теориялык модели**

***1. Максаттык компонент. Максат*** **–** коом менен жумуш берүүчүлөрдүн зарыл талаптарынын негизинде билим берүүнүн мамлекеттик жалпыга милдеттүү стандарттарына ылайык (2021) жогорку окуу жайында 550300 – Филологиялык билим берүү багыты боюнча билим алып жаткан болочок педагогдордун компетенцияларын калыптандыруу катары аныкталат.

**2. Мазмундук компонент.** Жогоруда сунуш кылынган максатка ылайык жогорку окуу жайында билим алып жаткан болочок педагогдордун компетенциясынын мазмундук компоненти болочок англис тили мугалимдин кесиптик компетенцияларын педагогикалык практика учурунда калыптандыруу этаптарын камтыды:

– теориялык билимдерди өздөштүрүү жана алардын маңызын аңдап милдеттерин аткаруу үчүн студент-практиканттарга учурдагы контролдоону жана орто аралык аттестациялоону жүргүзүү, университеттеги жыйынтыктоочу конференцияга (“Менин иш тажрыйбам”) сөз сүйлөөгө даярдоо, мугалимдин (класс жетекчисинин) иш тажрыйбасын сүрөттөө аркылуу жыйынтыкталат. Аягында практиканын жыйынтыгы менен «Мен мугалим болом» конкурсу Республикалык деңгээлде студенттер арасында өткөрүү.

**3. Технологиялык компонент.** Бул компонентте окуу жылынын башында кафедрадагы практика жетекчилери тарабынан түзүлгөн педагогикалык практиканын программасы, 2-3-4 курстарда уюштурулган практиканын түрлөрү, практиканын жүрүшүндө студенттердин билим берүү уюмундагы педагогикалык процессти ишке ашырууда колдонуучу **инновациялык методдору жана формалары** камтылган.

Жогорку окуу жайында болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларды калыптандырууда окуу процессинин төмөнкүдөй окутуу формалары аудиториялык иштер жана аудиториядан сырткары иштер колдонулду. Ал эми билим берүү процессинде окутуунун инновациялык методдорунан окутуунун активдүү методдору, коммуникативдик, маалыматтык-коммуникативдик технологиялар ж. б. колдонулду. Бишкек шаарындагы №84, №66, №11, №2, №94, №7, №8-окуу мекемелеринде педагогикалык практика учурунда, практика жетекчилери жана мектеп мугалимдери комплекстүү жетекчилик жүргүзүп, студенттер көзөмөлгө алынды (студент-практиканттар өткөн сабактарга).

**4. Диагностикалык компонент** студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн иштеп чыгууга, аталган кесиптик жана жеке сапаттарды өнүктүрүү деңгээлин аныктоого багытталган.

Педагогикалык практиканы уюштуруу жана өткөрүү көйгөйүнүн абалын аныктоо боюнча маселени чечүү процессинде практикант-студенттердин жалпыланган көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү кесиптик иш-аракеттерди жүргүзүүгө даярдыгы талданды, мектеп окуучулары, мугалимдери

менен жолугушуудан күткөн эмоционалдык абалы изилденди, иш берүүчүлөрдүн студент-практиканттардын мугалим жана класс жетекчи катары кесиптик ишке даярдоонун сапаты жөнүндө сурамжылоонун натыйжалары талданды.

Изилдөөнүн экинчи милдетине ылайык педагогикалык практиканын жүрүшүндө англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу максатында төмөндөгүдөй **педагогикалык шарттар** аныкталды.

**Биринчи педагогикалык шарт** педагогикалык практиканын жумушчу программаларынын структуралык-мазмундук компоненттеринин үзгүлтүксүздүгү (зарыл шарт) педагогикалык практиканын жумушчу программаларынын бирдиктүү түзүмү менен шартталып, төмөнкүлөрдү өз ичине камтыйт: түшүндүрмө кат, практиканын мазмуну, өз алдынча иштин мазмуну, окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо дисциплиналары, баалоо каражаттарынын фонддору, студенттер үчүн дисциплинаны өздөштүрүү боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү камтыйт.

**Экинчи педагогикалык шарт** болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун мазмунун кошумча материалдар менен байытууда иштелип чыккан программа теориялык курстун методика менен практиканын тыгыз байланышы каралган.

**Үчүнчү педагогикалык шартта** болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн эффективдүү окутуу каражаттарды жана методдорду тандоо каралат. Сабакта жана сабактан тышкаркы иш-аракеттерде окуу процессин жүргүзүү билим берүүнүн сапатына, окуу иш-аракеттеринин калыптануу деңгээлине карата заманбап талаптарды эске алуу менен заманбап билим берүү технологияларын активдүү колдонууга алып келди. Англис тилин окутуунун методикасы дисциплинасы бул заманбап билим берүү технологияларын өз ичине камтыйт. Англис тилин окутуунун методикасы 3-4-курстарда окутулат. Курста студенттер педагогикалык практика учурунда сабак өтүүгө керектүү каражаттар менен таанышып, теорияда алган билимди практика жүзүндө ишке ашырат.

***Төртүнчү педагогикалык шарт*** студенттердин педагогикалык практикасына комплекстүү жетекчилик кылуу (ЖОЖдун жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык практика боюнча жооптуу жетекчилери). Комплекстүү жетекчиликти ишке ашыруунун каражаты практика жетекчилеринин (кафедралардын, факультеттин, топтук методисттеринин, мугалимдердин жана жалпы орто билим берүү уюмдарынын класс жетекчилеринин) биргеликте иштөөсү болуп саналат. Жогоруда үчүнчү шартта берилген сабак өтүүнүн ыкмалары комплекстүү түрдө, эки мекеме жетекчилери тарабынан ишке ашырылышы көзөмөлдөнөт.

**Аныктоочу эксперимент этабынын максаты:** педагогикалык практиканы уюштуруу жана өткөрүү көйгөйүнүн абалын аныктоо боюнча маселени чечүү процессинде студент-практиканттардын жалпыланган көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү кесиптик иш-аракеттерди жүргүзүүгө даярдыгын талдоо.

**Милдеттери:** ЖОЖдордун методист-окутуучулары (Ж. Баласагын атындагы КУУ жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетиндеги), практикага жооптуу окутуучулар, иш берүүчүлөр менен маектешүү жүргүзүү; жогорудагы ЖОЖдордун студенттеринин психологиялык-педагогикалык циклинин дисциплиналары боюнча экзамендердин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды алуу; студенттердин кесиптик көндүмдөрүнүн калыптанышында өзүн өзү баалоонун натыйжаларын текшерүү; практика өткөнгө чейин студенттерди сурамжылоо маалыматтарды баалоо жана изилдөө болду.

Студенттердин психологиялык-педагогикалык циклинин дисциплиналары боюнча экзамендердин жыйынтыктары төмөнкүлөрдү түздү: Ж. Баласагын атындагы КУУнун ФОи-1-18, Фои-2-18 тайпаларында жетишүү сапаты орточо балл менен 87%ды, К. Карасаев атындагы БМУнун ФО-18-2 тайпасынын жетишүү сапатынын орточо баллы 88%ды түздү. Ал эми билимди толук өздөштүрүүсү, жетишүү коэффициенти Ж. Баласагын атындагы КУУда 0,87, К. Карасаев атындагы БМУда 0,88%ды түздү. Студенттердин кесиптик көндүмдөрүнүн калыптанышында өзүн-өзү баалоонун натыйжалары (Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультетинин 4-курсу) практика өтүүгө чейинки баллдын орточо мааниси − 4,3, ал эми алардын пайда болуу коэффициенти − 0,8 түздү. Практикадан кийин натыйжалар өзгөрдү: бөлүнгөн көндүмдөрдүн калыптанышын мүнөздөгөн баллдын орточо мааниси − 4,0, ал эми алардын пайда болуу коэффициенти − 0,7 түздү. Студенттерге иш берүүчүлөр, методисттер (педагогикалык кафедраларынын өкүлдөрүнө) өз баалоолорунда (уюштуруучулук, конструктивдик, изилдөөчүлүк) зарыл көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн студенттерди практикага даярдоону жакшыртуу зарылдыгын белгилешти.

Ошентип, изилдөөнүн биринчи этабы педагогикалык практиканы уюштуруунун жана жүргүзүүнүн салттуу жолдору болочок мугалимдерди орто билим берүү мекемелеринде кесиптик ишмердүүлүккө даярдоону өнүктүрүү, жакшыртууну талап кылат деген божомолдорубузду тастыктады.

**Аныктоочу эксперимент** практиканы уюштуруу этабында университеттин кафедра методисттери жана практика базасынын мугалимдери иш-аракеттеринде, студенттердин кесиптик чеберчилигинин калыптанышына баа берүүдө макулдашуу керек деп ишендирди.

**«Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштери жана анын натыйжалары» деп аталган үчүнчү бапта** изилдөөнүн үчүнчү милдетин чечүүгө багытталып, теориялык моделди ишке ашыруу жолдору жана болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда педагогикалык шарттар негизги фактор болуп эсептелди.

**Калыптандыруу этабында** изилдөөгө 75 студент; 11 окутуучу; 26 мектеп мугалимдери, класс жетекчилери катышышты. Калыптандыруучу эксперимент этабында теориялык моделди ишке ашырууга иштелип чыккан педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугу текшерилди жана болочок

англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда «Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу» кошумча өнүктүрүүчү программасы педагогикалык процесске киргизилди, 60 саатка эсептелип 2-3-курста окулат. Анын ичинен теориялык сабакка 18 саат, практикалык саатка 10, өз алдынча иштөөгө 32 саат бөлүнгөн. Бардыгы 60 саатты түздү (2 кредит). Кошумча өнүктүрүү программасынын мазмунун аныктоо анкета аркылуу сурамжылоодо алынган натыйжаларга жана мамлекеттик билим берүү стандартындагы жалпы филологиялык кесиптик дисциплиналарды окутууда болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн анализдөөнүн негизинде иштелип чыкты.

Программанын мазмуну болочок англис тили мугалиминин теориялык билимдерин педагогикалык практика учурунда практикалык билгичтиктерин түптөө жана бекемдөөгө багытталат. Англис тилин үйрөнүүдөгү негизги компетенциялар (тилдик, кептик, коммуникативдик, социалдык-маданий) жөнүндө жана болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенциялары жана аларды калыптандыруунун теориялык-методикалык негиздери менен таанышышат.

Болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн эффективдүү, инновациялык методдору жана каражаттары тандалып, педагогикалык окуу процессинде колдонулду. Студенттердин педагогикалык практикасына комплекстүү жетекчилик кылуу иши жүргүзүлдү. Бул максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн сабактарда ролдук оюндар (role plays, word, word by word story), уйку жана ойгонуу (sleep and wake up), сынчыл ойлор (critical thinking), диалог түзүү (make up dialogue), жана галерея ыкмалары (gallery methods) менен иштөө ж. б. методдор жана ыкмалар колдонулду.

Педагогикалык практикада (бакалавриат, 2-3-4 курстар) студент-практиканттардын кесиптик компетенцияларды калыптандыруу процессине коюлган талаптардын ырааттуулугу матрицага таянууну сунуштайт (3.1-таблица.).

**3.1-таблица. – Педагогикалык (педагогикалык-адаптациялык, кесиптик-базалык жана кесиптик-профилдик) практикаларда калыптанган компетенциялардын матрицасы**

| Компетен-циялардын коду | Кафедра дисциплиналары | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Англис тилинин негизги практикалык курсу | | | Англис тилин окутуунун методикасы | | Педагогика жана психология | Кошумча өнүктүрүүчү программа |
| | 2-курс | 3-курс | 4-курс | 3-курс | 4-курс | 2-курс | 2-3-курс |
| **ЖИК-1** | | | | | | + | + |
| **ИК-2** | + | | | | | | + |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **СИЖМК-1** | | | | + | | | |
| **КК-1** | | | | | | + | + |
| **КК-2** | | | | + | | + | + |
| **КК-4** | | | | + | | | |
| **КК-7** | | | + | | | | + |
| **КК-8** | | | | + | | | + |
| **КК-9** | | + | + | | | | + |
| **КК-16** | | + | + | | | | + |
| **КК-18** | | | + | + | | | + |

Кесиптик компетенциялардын матрицасы көрсөтүп тургандай компетенцияларды локалдык эмес (көп колдонулат), локалдык (сейрек колдонулат), жарым-жартылай локалдык (өтө сейрек колдонулат) деп бөлүп классификациялоого болот. Локалдык эмес компетенциялар КК-2, КК-9, КК-16, КК-18 болду.

«Педагогикалык практика – жаңы муундун мугалимин даярдоонун маанилүү этабы» аттуу окуу-усулдук колдонмо иштелип чыкты жана колдонду, Республикалык деңгээлде студенттер арасында “Мен мугалим болом” сынактын уюштурулушу да калыптануу экспериментинде ишке ашты.

**Контролдук эксперимент этабында** педагогикалык практиканын жүрүшүндө практикант-студенттердин кесиптик көндүмдөрүн (компетенциялардын калыптанышынын көрсөткүчтөрү) өздөштүрүүнүн натыйжалары текшерилип, Студенттерди кесиптик чеберчиликти жана кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүү боюнча контролдук жана эксперименталдык топтордун студенттерин өздөштүрүү деңгээли боюнча бөлүштүрүү болду (учурдагы контролдоо натыйжалары). Андан тышкары комплекстүү текшерүүчү иштин жыйынтыгы боюнча кесиптик иш-аракеттердин калыптанышы жөнүндө маалыматтар алынды (аралык аттестация). Контролдук (КТ) жана эксперименталдык (ЭТ-1, ЭТ-2) топтордо практикант-студенттердин кесиптик көндүмдөрүн өздөштүрүү динамикасы түзүлдү. Өндүрүштүк практиканын жүрүшүндө байкоо жүргүзүү процессинде болочок англис тили мугалиминин усулдук компетенцияларын жогорулатуунун жыйынтыктары талданды (жыйынтыктар боюнча учурдагы контролдун, аралык аттестациянын). Жыйынтыгында 75 студент; университеттин 11 окутуучусу катышты.

Изилдөөнүн кийинки этабында контролдук топтун студенттери Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык, салттуу методика боюнча кесиптик ишин өркүндөтүштү. Эксперименталдык топтор этап-этабы менен жана комплекстүү болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларды калыптандырууну ишке ашыруу үчүн, педагогикалык шарттарды текшерүү боюнча иш-чараларды камтыды. Мындай иш-чараларга төмөнкүлөр кирет: 1) көп деңгээлдүү тапшырмалар; 2) окуу

сабагынын конспектисинин жаңы түзүмү; 3) учурдагы контролду жана аттестацияны өткөрүү үчүн жаңы колдонмолор (инструментарийлер).


Методикалык системаны ишке ашырууну педагогикалык шарттарга ылайык пайдалануу боюнча иш-чаралар практиканын топ жетекчилерине кесиптик көндүмдөрдүн, практикант-студенттеринин калыптануу сапатын байкоого мүмкүндүк берди. Мындай көндүмдөр: 1) К-1 – милдеттерди жана аларды чечүүнүн пландаштырылган натыйжаларын аныктай билүү, аларды практикада ишке ашырууга даярдык; 2) К-2 – активдүү усулдарды, формаларды жана каражаттарды (окутуунун, тарбиялоонун технологияларын) пайдалануунун негизинде окуучулардын таанып билүү ишин активдештире билүү; 3) К-3 – пландалып жаткан инсандык, метапредметтик, предметтик натыйжаларды баалоо үчүн контролдун активдүү формаларын колдоно билүү.

Жогоруда аталган көндүмдөрдүн калыптанышына байкоо жүргүзүүнүн натыйжасы студенттердин жетишкендиктерин болжол менен үч деңгээлге бөлүү дадилденди. Демек, төмөнкү, ортоңку жана жогорку деңгээлдер менен салыштырылат.

**3.2-таблица. – Студенттерди кесиптик чеберчиликти өздөштүрүү деңгээли боюнча бөлүштүрүү (учурдагы текшерүүнүн натыйжалары боюнча)**

| Тайпа | Студ. жалпы саны | Деңгээлдери | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү | | Ортоңку | | Жогорку | |
| | | Студ. саны | % | Студ. саны | % | Студ. саны | % |
| **КТ** | **28** | 19 | 67,9 | 7 | 25,0 | 2 | 7,1 |
| **ЭТ1** | **26** | 10 | 38,5 | 13 | 50,0 | 3 | 11,5 |
| **ЭТ2** | **21** | 7 | 33,3 | 10 | 47,7 | 4 | 19,0 |

Берилген жыйынтыктар эксперименталдык тайпалардын студенттеринде кесиптик (локалдуу эмес) компетенциялардын калыптанышы контролдук топторго караганда жогору, ал эми ЭТ2де ЭТ1ге караганда жогору экендигин көрсөтөт (3.1-диаграмма). Алынган көрсөткүчтөр эксперименталдык тайпаларга киргизилген технологиялык карта жана рейтингдик башкаруу тутуму оң натыйжа бергендигин көрсөтүп турат.





**3.1-диаграмма. Учурдагы текшерүдө контролдук жана эксперименталдык топтордун студенттеринин кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүүдөгү бөлүштүрүүсү.**

Алынган жыйынтыктар бардык көрсөткүчтөр боюнча эксперименталдык топтордун студент-практиканттары практиканы уюштурууда жана өткөрүүдө компетенттүүлүк ыкманы ишке ашырууда, педагогикалык теорияда жана практикада өзгөчө орунду ээлөө менен билим берүүнүн, окутуунун жана тарбиялоонун натыйжасында студенттерде пайда болуучу компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, системалуу, инсандык жана технологиялык натыйжаларына ээ болушуна кафедралардын окутуучуларынын максаттуу иш-аракеттеринин аркасында кесиптик иш-аракеттердин (көндүмдөрдүн) калыптанышын мүнөздөгөн жогорку натыйжаларды көрсөткөндүгүн тастыктайт. Эксперименттин жүрүшүндө эң жогорку натыйжа ЭТ-2 тобу болду. Студенттердин аралык аттестациянын натыйжаларында көндүмдөрдүн калыптануу деңгээли ЭТ-1 тобунда 42,3 %ды түзсө ЭТ-2де 57,2%ды түздү.

**3.2-таблица. – Кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүү боюнча студенттерди бөлүштүрүү (аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча)**

| Тайпа | Студ. жалпы саны | Деңгээлдери | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү | | Ортоңку | | Жогорку | |
| | | Студ. саны | % | Студ. саны | % | Студ. саны | % |
| **КТ** | **28** | 13 | 46,4 | 10 | 35,7 | 5 | 17,9 |
| **ЭТ1** | **26** | 5 | 19,2 | 11 | 42,3 | 10 | 38,5 |
| **ЭТ2** | **21** | 2 | 9,5 | 7 | 33,3 | 12 | 57,2 |





**3.2-диаграмма. Студент-практиканттар өздөштүргөн кесиптик иш-аракеттердин (көндүмдөрдүн) калыптанышын текшерүү боюнча орто аралык аттестациялоо тапшырмаларынын аткарылышынын салыштырма маалыматтары.**

Калыптануу экспериментинин экинчи этабы орто аралык аттестация өткөрүүнүн алкагында педагогикалык практиканы аяктагандан кийин жогорку окуу жайында жүргүзүлгөн. Студенттерге комплекстүү контролдук иш сунушталды жана аны топтун жетекчилери – практиканы көзөмөлдөгөн кафедралардын окутуучулары түзүштү.

Жыйынтыгында учурдагы контролдун жана тиркемеде берилген методика боюнча орто аралык аттестациянын натыйжалары боюнча чыгарылды (8-Тиркеме). Ал эми кийинки 3.3-таблицада кесиптик (локалдык эмес) компетенциялардын калыптанышынын натыйжалары боюнча студент-практиканттардын жыйынтыктоочу аттестациялоонун натыйжалары алынган.

**3.3-таблица. – Кесиптик компетенциялардын калыптанышын жалпылоочу педагогикалык изилдөөнүн натыйжалары боюнча жыйынтыктоочу аттестациянын маалыматтары (жыйынтыктоочу сыноо)**

| Тайпа | Студ. жалпы саны | Деңгээлдери | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөнкү | | Ортоңку | | Жогорку | |
| | | Студ. саны | % | Студ. саны | % | Студ. саны | % |
| **КТ** | **28** | 12 | 42,9 | 12 | 42,9 | 4 | 14,2 |
| **ЭТ1** | **26** | 3 | 11,5 | 17 | 65,4 | 6 | 23,1 |
| **ЭТ2** | **21** | 1 | 4,8 | 11 | 52,4 | 9 | 42,8 |




**3.3-диаграмма. Студент-практиканттардын кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлдери боюнча жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы.**

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжалары далилденди: иштелип чыккан теориялык моделдин жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарынын негизинде практиканын комплекстүү маселелерин аткаруу жана болочок англис тили мугалиминин педагогикалык практикада кесиптик компетенцияларды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы иштелип чыккан теориялык моделдин жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун көрсөтөт. Максатка жетүү, гипотеза тастыкталды, экспериментте байкалган бардык өзгөрүүлөр кокустан эмес, теориялык моделди жана педагогикалык шарттардын комплексин ишке ашыруунун натыйжасы деп ишенимдүүлүк менен айта алабыз.

## КОРУТУНДУ

Бүгүнкү күндө адистердин ар кандай кесиптик жана социалдык маселелерди чече билүүгө байланыштуу, компетенттүүлүккө болгон талаптын өсүшүн эске алуу менен педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүүгө негизделген илимий изилдөө төмөнкүдөй жыйынтыктарды берди:

1. Кыргыз Республикасында кабыл алынган расмий документтерди, изилдөө көйгөйүнө байланыштуу илимий булактарды жана жогорку кесиптик билим берүүнүн тажрыйбасын талдоонун негизинде студенттердин педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тил мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун базалык категориялары аныкталып, теориялык билимин педагогикалык практика учурунда

колдонуунун өзгөчөлүктөрү белгиленип, болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун теориялык негиздеринин мүмкүнчүлүктөрү системалаштырылды.

2. Заманбап психологиялык-педагогикалык изилдөөлөргө, илимий методологияларга жана методдорго таянуу менен жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде болочок англис тили мугалиминин педагогикалык практика учурундагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун максаттык, мазмундук, технологиялык диагностикалык, натыйжалуулук компоненттерди камтыган теориялык модель жана педагогикалык шарттар, компетенциялардын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыкты.

Изилдөөнүн натыйжасында төрт педагогикалык шарт сунушталып, эксперимент аркылуу текшерилди: ЖОЖдун Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык педагогикалык-психологиялык цикл кафедралары тарабынан иштелип чыккан педагогикалык практиканын жумушчу программаларынын түзүмдүк жана мазмундук компоненттеринин үзгүлтүксүздүгү; болочок англис тили мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун мазмунун кошумча материалдар менен байытуу; болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн эффективдүү каражаттарды жана методдорду тандоо; студенттердин педагогикалык практикасына комплекстүү жетекчилик кылууну (ЖОЖдун жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык практика боюнча жооптуу жетекчилери) айкалыштыруу.

3. Аныкталган педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилди жана жыйынтыкталды. ЖОЖдордо педагогикалык практиканы уюштуруунун жана өткөрүүнүн изилденген абалы болочок англис тили мугалимин педагогикалык практика учурунда даярдоо маселесин педагогикалык-психологиялык циклдин (предметтик-методикалык, педагогикалык, психологиялык) дисциплиналары боюнча ППЖПда түзүлгөн маселелерди эске алуу менен комплекстүү чечүү керектиги аныкталды. Педагогикалык практиканын бөлүнгөн комплекстүү милдеттери окуу сабактарында, класстан тышкаркы (жана тарбиялык иш-чараларда) билим берүү, тарбиялоо, өнүктүрүү (предметтик, метапредметтик, инсандык-баалуулук) милдеттеринин жыйындысын өз ара байланышта ишке ашыруу жолдору сунушталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптадырууга багытталган теориялык жана эксперименталдык изилдөөнүн натыйжасында, филология багытындагы студенттердин педагогикалык практика процессинде алардын кесиптик компетенцияларын калыптандырууну андан ары өркүндөтүү боюнча төмөнкүлөр сунушталат:

1. Кесиптик компетентенцияларды калыптандыруунун бирден бир айныксыз жолу катары Кыргыз Республикасынын билим берүү стандарттарында жана ЖОЖдордун окуу пландарында педагогикалык практикага каралган сааттардын көлөмүн көбөйтүү, анткени учурдагы педагогикалык практикага каралаган кыска мөөнөттүн ичинде практикалык көндүмдөрдү жана билгичтиктерди толук өздөштүрүү өтө чоң кыйынчылыктарды туудуруп келет.

2. ЖОЖдордун окуу программаларындагы окуу курстарында (өзгөчө англис тили дисциплинасы) жана педагогикалык практика учурунда болочок мугалимдердин социалдык баарлашуу комптенцияларын калыптандырууга басым жасоо.

3. Коомдун өсүп өнүгүшүндөгү мугалимдик кесипке коюлган талаптарды эске алуу менен педагогикалык практиканын бардык түрлөрүндө түзүмдүк жана мазмундук компоненттеринин үзгүлтүксүздүгүн, окутуу каражаттары менен методдордун шайкештигин, педагогикалык практикага комплекстүү жетекчилик кылууну (ЖОЖдун жана жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык практика боюнча жооптуу жетекчилери) айкалыштырыуусун камсыз кылуу.

4. Педагогикалык практиканын жүрүшүндө кесиптик компетенцияны калыптандырууну өркүндөтүү үчүн болочок мугалимдердин өз алдынчалыгына басым жасоо.

5. Педагогикалык-адаптациялык практика “Мектеп күнү” катары өткөрүлүп жана окуу процессинин графигине милдеттүү түрдө киргизилип, аны 1-2-курстарда жүргүзүү (2021-жылындагы МББСда 2-курстан башталат).

6. Студенттерди мектептерде уюштурулган жайкы мектеп иштерине аралаштырууну көңүлгө алсак болот.

**ДИССЕРТАЦИЯСЫНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Асаналиева, Ч. Н. «Компетенция» жана компетенттүүлүк» түшүнүктөрү психлогиялык-педагогикалык изилдөөнүн объекттери катары [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – №1. – 198-202-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=45672139

2. Асаналиева, Ч. Н. Мотивациялык-баалуулук компоненти [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – №1. – 203-206-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=45672140

3. Асаналиева, Ч. Н. Формирование педагогических компетентностей студента во время прохождения профессионально-базовой педагогической практики [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Актуальные вопросы образования и науки. – Архангельск, 2021. – №2 (72) – С. 12-15. https://elibrary. ru/item. asp?id=47253392

4. Асаналиева, Ч. Н. Болочок мугалимдин кесиптик компетентүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практика психологиялык-педагогикалык көйгөй катары [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Кыргыз билим берүү

академиясынын Кабарлары. – 2019. – №1. – 38-41-бб. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=39152231

5. Асаналиева, Ч. Н. Формирование личности школьника во время практики [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Научный Аспект. – Самара. – 2018. – №5. – С. 529-533. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=36942672

6. Асаналиева, Ч. Н. Педагогическая практика – это подготовка компетентности будущих учителей [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Научный Аспект. – Самара, 2019. – №7. – С. 850-853. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=39164471

7. Асаналиева, Ч. Н. Психологическая компетентность учителя на педагогической практике [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Научный Аспект. – Самара, 2018. – №5. – С. 526-529. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=36942671

8. Асаналиева, Ч. Н. Профессиональная деятельность будущего учителя в процессе педагогической практики [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Известия НАН КР. –2018. – № 3. – С. 109-111. https://elibrary. ru/item. asp?id=39154706

9. Асаналиева, Ч. Н. Педагогическая практика как элемент формирования профессиональных компетенций выпускника вуза [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2018. – № 1 (93). – С. 30-33. https://elibrary. ru/item. asp?id=35208992

10. Асаналиева, Ч. Н. Кесиптик компетенттүүлүк – ар кандай илимдердин изилдөө объектиси [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Вестник Кыргызстана. – 2021. – №2 (2) – 76-81-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=48334394

11. Асаналиева, Ч. Н. Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү – билимдердин, шык жөндөмдөрдүн жана жеке сапаттардын жыйындысы [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Вестник КГУСТА им. Н. Исанова. – 2022. – №2 (76). – 896-901-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=49399762

12. Асаналиева, Ч. Н. Педагогикалык практиканы уюштуруунун мазмуну жана технологиялары [Текст] / Ч. Н. Асаналиева // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – 2022. – № 2 (57). – 102-111-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=49546784

13. Асаналиева, Ч. Н. Педагогикалык практика – жаңы муундун мугалимин даярдоонун маанилүү этабы [Текст]: окуу-методикалык курал / Ч. Н. Асаналиева, Р. Т. Сулайманова. – 2022. – 158 б.

**Асаналиева Чынара Ниязалиевнанын «Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок мугалимдин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** болочок мугалим**,** англис тилинин мугалими, студент, педагогикалык практика, кесиптик компетенциялар, теориялык модель, педагогикалык шарттар, эксперимент.

**Изилдөөнүн объекти:** педагогикалык жогорку окуу жайлардын студенттеринин педагогикалык практикасы.

**Изилдөөнүн предмети:** педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу.

**Изилдөөнүн максаты:** педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн методдору:** байкоо, сурамжылоо, аңгемелешүү, анкета жүргүзү, тестирлөө, документацияны изилдөө, эксперимент, математикалык методдор.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттардын иштелип чыкандыгы; болочок англис тили мугалими үчүн сабак учурунда кошумча өнүктүрүү каражаты катары "Педагогикалык практиканын жүрүшүндө болочок англис тили мугалиминин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу" аттуу окуу программасынын иштелип чыккандыгы; "Педагогикалык практика – жаңы муундун мугалимин даярдоонун маанилүү этабы" аттуу усулдук колдонмонун даярдалышы жана ишке киргизилгендиги; болочок англис тили мугалиминин педагогикалык кесипке кызыгуусун арттыруу максатында педагогикалык практиканын натыйжасы катары "Мен мугалим болом!" аттуу студенттер арасында Республикалык деңгээлде өткөрүлгөн сынагынын ишке ашышы.

**Пайдалануу боюнча сунуштамалар.** Автор тарабынан педагогикалык практика учурунда кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган колдонмолор филология багытында билим берүүдө кеңири колдонууга арзыйт.

**Колдонуу чөйрөсү:** болочок англис тили мугалимин даярдоо процессинде жана жалпы билим берүү мектеп системасында педагогикалык практика учурунда англис тили боюнча сабактарды даярдоо жана өткөрүүдө пайдалануу.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Асаналиевой Чынары Ниязалиевны на тему: «Формирование профессиональных компетенций будущего учителя в процессе педагогической практики» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13. 00. 01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** будущий учитель, учитель английского языка, педагогическая практика, профессиональные компетенции, теоретическая модель, педагогические условия, эксперимент.

**Объект исследования:** педагогическая практика студентов педагогических вузов.

**Предмет исследования:** формирование профессиональных компетенций будущего учителя английского языка в процессе педагогической практики.

**Цель исследования:** определить педагогические условия формирования профессиональных компетенций будущего учителя английского языка в процессе педагогической практики и их экспериментальная проверка.

**Методы исследования:** теоретические, эмпирические (наблюдение, опрос, интервью, анкетирование, тестирование, изучение документации, эксперимент), математические методы.

**Практическая значимость полученных результатов:** разработаны педагогические условия, способствующие формированию профессиональных компетенций будущего учителя английского языка в процессе педагогической практики; разработаны образовательная программа и учебно-методическое пособие «Формирование профессиональных компетенций будущего учителя английского языка в процессе педагогической практики» в качестве дополнительного средства развития во время урока английского языка; разработано и внедрено пособие «Педагогическая практика – важный этап подготовки учителя нового поколения»; проведен республиканский конкурс среди студентов «Я буду учителем!» в целях повышения интереса будущего учителя английского языка к педагогической профессии; авторские рекомендации по формированию профессиональной компетентности в процессе педагогической практики достойны широкого использования в образовании в области филологии.

**Рекомендации по применению:** предложения автора по формированию профессиональной компетентности в процессе педагогической практики, заслуживают широкого применения в образовании по филологическому направлению.

**Сфера применения:** процесс подготовки будущих учителей английского языка и при подготовке и проведении уроков английского языка в процессе педагогической практики в системе общеобразовательных школ.


## SUMMARY

**dissertation research by Asanalieva Chynara Niyazalievna on the topic: «Formation of professional competencies of a future teacher in the process of teaching practice» for the academic degree of candidate of pedagogical sciences in specialty 13. 00. 01 – general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Keywords:** future teacher, English teacher, pedagogical practice, professional competencies, theoretical model, pedagogical conditions, experiment.

**Object of research:** pedagogical practice of students of pedagogical universities.

**The subject of the study:** the formation of professional competencies of a future English teacher in the process of pedagogical practice.

**The purpose of the study:** to determine the pedagogical conditions for the formation of professional competencies of a future English teacher in the process of pedagogical practice and to test them experimentally.

**Research methods:** theoretical, empirical (observation, survey, interview, questionnaire, testing, documentation study, experiment), mathematical methods.

**Practical significance of the results obtained:** development of pedagogical directions that contribute to the formation of professional competencies of future teachers of English in the course of pedagogical practice; development of an additional curriculum «Formation of professional competencies of a future English teacher in the course of pedagogical practice» and a teaching aid «Pedagogical practice is an important stage in the preparation of a new generation teacher» as an additional developmental tool during classes for future English teachers; as a result of pedagogical practice in order to increase the interest of a future English teacher in pedagogical profession «I will be a teacher!» implementation of the competition among students at the Republican level.

**Recommendations for use.** The proposals aimed by the author at the formation of professional competence in the course of pedagogical practice deserve wide application in philological education.

**Scope of application:** Use in the process of training future teachers of the English language and in the preparation and conduct of English lessons during pedagogical practice in the system of secondary schools.

